4. Б. Апыш Д. Бабаев Т. Жоробеков Педагогика Бишкек 2022
5. Саид Чамлыжа “Бала тарбиялоодо 33 ката” “Таалим” сериясы 2023
6. Исмаилова И.М Муратовдук окуулар Бишкек 2024
7. Исмаилова И. М. Весник Кыргызстана” Бишкек 2023
8. Титаренко В. Я . “Семья и формирования личности” Москва Мысль 2005 312
9. Жусуп Баласагын “Кут алчу билим” Фрунзе 1989
10. Б. Апыш “Тарбия назарияты” Ош. 1996

**УДК 781.7 https://doi.org/10.56122/..v2i2.206**

# САЛТТЫК МУЗЫКА ЖАНА АНЫН МЕКТЕПТЕГИ ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ
# ТРАДИЦИОННАЯ МУЗЫКА И ЕЕ ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ В ШКОЛЕ
# TRADITIONAL MUSIC AND ITS EDUCATIONAL VALUE IN SCHOOL

***Нуридин уулу Санжарбек,***
***Ош мамлекеттик университети, окутуучу***
***Кадырова Айнура Насировна,***
***Ош мамлекеттик педагогикалык университети, улук окутуучу***
**kadyrovaainyra01@gmail.ru**

***Аннотация.*** *Макалада кыргыздын салттуу музыкасы, алардын мектеп окуучуларын өсүп- өнүгүүсүнө, тарбиясына тийгизген таасири баяндалды. Даанышман аталарыбыздын төктөмөлүк өнөрүнөн мисал келтирилип, оозеки чыгармачылыкты балдарга жеткирүү жагы каралды. Билим берүү - мыкты салттуу кыргыз элинин маданиятын мурастоо үчүн эң эффективдүү каражат. Окуучуларга өз улутунун салттуу музыка маданиятын өздөштүрүү, аларды түшүнүү, келечек муундарга өткөрүп берүүдөгү эвфективдүү жол катары, мектептеги элдик ырларды, чыгармаларды аткаруу өзгөчөлүктөрү белгиленди. Кыргыз элинин тарыхында улуттук музыка маданияты тарыхтын узун дарыясындай агып, жайылып келе жатат. Салттуу музыка буга чейин оозеки түрүндө да жайылтылып келген. Ага элдик ырларды, бийлерди, элдик музыканы, элдик чыгармачылык музыкалар кирет. Демек, окуучуларга салттуу музыканы түшүндүрүү, таланттуу балдар менен иштөөдө аларды колдонуу сунушталды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Салттуу музыка, мектеп, окуучулар, элдик ырлар, фольклор, жомок, улуттук аспаптар, маданият ж.б.*

***Аннотация.*** *В статье описывается традиционная кыргызская музыка, ее влияние на рост и развитие школьников. Был приведен пример искусства письма наших мудрых отцов, рассмотрен аспект передачи словесного творчества детям. Образование является наиболее эффективным средством наследования лучших традиций кыргызской культуры. Отмечены особенности исполнения народных песен и произведений в школе как эффективный способ овладения учащимися традиционной музыкальной культурой своего народа, понимания ее и передачи будущим поколениям. В истории кыргызского народа национальная музыкальная культура течет и распространяется, как длинная река истории. Традиционная музыка в прошлом также распространялась устно. В него входят народные песни, танцы, народная музыка, народное творческое музыкальное творчество. Поэтому было рекомендовано объяснять учащимся традиционную музыку и использовать ее в работе с одаренными детьми.*

***Ключевые слова:*** *Традиционная музыка, школа, учащиеся, народные песни, фольклор, сказки, национальные инструменты, культура и др.*

***Abstract.*** *The article describes traditional Kyrgyz music, its impact on the growth and development of schoolchildren. An example of the art of writing of our wise fathers was given, and*

*the aspect of conveying verbal creativity to children was considered. Education is the most effective means of inheriting the best traditional Kyrgyz culture. The characteristics of performing folk songs and works at school were noted as an effective way for students to master the traditional music culture of their nation, understand them, and pass them on to future generations. In the history of the Kyrgyz people, national music culture flows and spreads like a long river of history. Traditional music has also been spread orally in the past. It includes folk songs, dances, folk music, folk creative music. Therefore, it was recommended to explain traditional music to students and use them in working with gifted children.*

***Keywords:*** *Traditional music, school, students, folk songs, folklore, fairy tales, national instruments, culture, etc.*

Кыргыз эли- жаратман эле. Элдик оозеки чыгармачылыкка бай. Ошол оозекиликти жараткан даанышман чоӊ ата, чоӊ энелерибиз, төкмөлөрүбүз бүгүнкү салттуу музыканын өнүгүүсүнө салым кошушкан десек болот. Албетте, баардык ата- эне ошолордой болуп, элдик кенч- казыналар менен тааныштырып, насаатын айтып, тарбия берсе бүгүнкү балдардын жүрүш- турушу, тартиби жакшы болмок. Бизди өкүндүргөн бүгүнкү интернет айдыӊында жашап жаткан окуучулар, алардын ата- энелери өзүлөрү баш болуп телефон менен көбүрөөк алек болуп, салт- санааларыбыз, оозеки чыгармаларыбыз тууралуу сугарбай жатышкандай.

Ошентсе да, биз мектепте элдик салттуу чыгармачылыгыбызды таанытып, музыка, башка сабактарда үйрөтүшүбүз кажет.

Музыка- мектеп окуучуларын ар тараптан өнүктүрүүчү, кызыгуусун арттыруучу предмет. Мектептеги тарбия иштери өтө көп кырдуу. Алардын бири- элдик музыкалык искусствонун жана анын негизинде келип чыккан оригиналдык жанрдык традицияларында балдарга эстетикалык тарбия берүү. Анын башкы идеясы мекенди, элди, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо.

Кыргыз элилинин кылымдардан бери келаткан тарыхый өсүшүндө түркүн жанрдагы көптөгөн музыкалык чыгармалар жаралды. Алардын ичинен ыр жанры негизги орунду ээлейт. Анын жаратуучулары жана калк арасында жайылтуучулары таятам сыяктуу айтылуу ырчылар болушкан. Алар ар кыл мазмундагы ырларды чыгаруу, аткаруу менен тигил, же бул чыгарманын философиялык маанисин терең ачуу максатында түркүн чыгармаларды, үн боёкторун, музыкалык нюанстарды пайдаланышкан. Ал эми залкар шайырлардын чыгармалары болсо калк катмарына зор таасирин тийгизген. Ошону менен жөнөкөй угуучулар өздөрүнүн аткаруучулук мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө жараша шайырлардын ырларын туурап ырдоого аракеттенишкен. Бир эле учурда өз алдыларынча ыр, обон чыгарууга умтулушуп, эл чыгармачылыгын байытышкан. Бул да болсо фольклорду байытуу деп түшүнсөк болот. Анткени, ошол чыгармаларды оозеки түрдө ырдап, муундан өткөрүп келишкен. Кыргыздын элдик ыры көптөгөн жанрларга, түрлөргө бөлүнгөн. Ошондой эле аларды аткаруу үчүн ар түрдүү ыкмаларды, өзгөчөлүктөрдү пайдаланышкан. Бара- бара булар салттуулукка өтүшкөн. Мисалы башка жанрларга салыштырганда секетбай, күйгөн жана сүйүү ырлары элдин жашоо турмуштары менен айкалышып, кеңири тараган. [1,56]

Билим берүүдөгү музыканын бир бөлүгү – бул салттуу музыка.

Эл ырчыларынын чыгармачылыгынын эӊ айырмалуу жагы – төкмөчүлүк, алардын ар бир айтып кеткени өз алдынчалыкка ээ, ошондуктан ал кайталангыс, уникалдуу көрүнүш катары кабыл алынат. Академик В. Радлов бир кыргыз акынынан “тиги же бул ырды айтып бере аласыңбы?” деп сураганда, ал мындай жооп кайтарыптыр: “Кандай ыр болбосун мен ырдап бере аламын, анткени мени ыр өнөрүнө жараткан, ал менин оозума сөздөрдү келтирип турат жана аларды издөөнүн мага зарылчылыгы жок, мен ырды эч качан жаттап үйрөнгөн эмесмин, баары өзүмдөн чыгат”. Демек, ырчы дүйнөдөгү көрүнүштөрдү, айлана-чөйрөнү жөн эле кабылдап калбайт экен, анын акындык көркөм сезим туюусунун аркасында жөнөкөй адам үчүн кадыресе баяндала тургандар образдуу көркөм сөз каражаттары менен шөкөттөлүп, эмоция менен коштолуп ыргактуу ырдык формага салынып баяндалат. Эл ырчысы кыргыз элинин тарыхын, психологиясын, каада-салтын, үрп-адатын терең өздөштүргөн тарыхчы,

этнограф, сүрөтчү, философ, бир сөз менен айтканда, тубаса энциклопедист болгон. Ар бир ырчынын чыгармачылыгы сүрөттөө поэтикасы, турмуш чындыгын чагылдыруу жагынан ж. б. бири-биринен айырмаланган. [2,34]

Салттуу маданият катары улуттук музыка коомдун ар тараптан көңүлүн буруп келет. Этникалык музыканы мектептеги музыкалык билим берүүнүн маанилүү бөлүгү катары карап, аны жаш муундарга жеткирүү абдан маанилүү. Улуттук музыканын маданияты терең, элдин турмушунда ажырагыс руханий-маданий азык экенин көрсөтүп турат. Музыка- жан дүйнөнүн азыгы. Салттык музыканын эң башкы жана табигый мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн бири – оозекилик же оозеки чыгармачылык болуп эсептелинет. [1,17]

Азыркы учурда салттык музыка мектептеги музыкалык билим берүү программасына комплекстүү киргизилсе, салттык музыканын таасири аркылуу жаш окуучулардын кыргыз элинин турмушун, салт- санаасын, маданиятын, тарыхын билүү үчүн пайдасы бар.

Кыргыз элинин тарыхында улуттук музыка маданияты тарыхтын узун дарыясындай агып, жайылып келе жатат. Салттуу музыка буга чейин оозеки түрүндө да жайылтылып келген. Ага элдик ырларды, бийлерди, элдик музыканы, элдик чыгармачылык музыкалар кирет.

Конфуцийдин тарбиялык философиясында адеп-ахлак жана музыка бири-бирин толуктап, коомдо бирдиктүү жана жагымдуу укуктук тартипти орнотуп турарын айтып кеткен. Байыркы грек философу Платон да музыканын адамдардын ой-пикирин тазалоочу таасирин баса белгилеп, музыкалык билим адамдарды сулуу жана жеткилең адамдарды тарбиялоодо маанилүү милдетти аткарат деп эсептеген.

Билим берүү - мыкты салттуу кыргыз элинин маданиятын мурастоо үчүн эң эффективдүү каражат. Окуучуларга өз улутунун салттуу музыка маданиятын өздөштүрүү, аларды түшүнүү, келечек муундарга өткөрүп берүүдөгү эвфективдүү жол.

Салттуу музыка - белгилүү бир маданияттын же элдин ичинде муундан муунга өтүп келе жаткан музыка. Ал көбүнчө каада-салттарга, ырым-жырымдарга, майрамдарга жана күнүмдүк жашоого байланыштуу.

Ага тиешелүү бир канча өзгөчөлүктөр бар:

-салттуу музыка көбүнчө музыкага жазылбастан оозеки түрдө өтүп, ар бир чечмелөө уникалдуу болот;

- анда белгилүү бир маданиятка мүнөздүү салттуу аспаптар колдонулат, мисалы, комуз, ооз комуз, сыбызгы, чопо чоор ж.б.;

- ырдын текстинде көбүнчө эмгек, сүйүү, жаратылыш, майрамдар жана ата-бабалардын жашоосу сыяктуу элдин турмушуна жакын темалар козголот;

- салттуу музыка өзү жашаган коомдун маданий өзгөчөлүктөрүн, каада-салттарын жана баалуулуктарын чагылдырат.

Жалпы билим берүү, атап айтканда, билим берүү, советтик психолог Л.С.Выготскийдин сөзү менен айтканда, өнүгүүнүн «алдына чуркап», анын артынан «жүрүш» керек. Музыкалык өнүгүү билим берүү жана окутуу процесси менен аныкталат. Өнүгүү деңгээли балдардын музыка сабагындагы жүрүм-туруму жана өз алдынча иш-аракеттеги чыгармачылык көрүнүштөрү менен аныкталат. Эгерде бала өз демилгеси менен ырдап, бийлеп, музыка ойноп, аны көркөм жана туура аткарса, анда музыкалык өнүгүүнүн жетишээрлик жогорку деңгээли жөнүндө айтууга болот. Демек, салттуу музыка маданий мурастарды гана байытпастан, тарбиялоодо, инсанды калыптандырууда зор роль ойнойт.

Салттык музыканы окуучуларга таанытууда музыка мугалими төмөнкү иш-аракеттерди аткарса натыйжалуу болот деп ойлойбуз:

- Сабакта кыргыздын музыкалык улуттук аспаптарын таанытуу;
- Комуз ийримин, бий ийримдерин уюштуруу;
- Вокалдык ийримдерди уюштуруу;
- Чоң ата, чоң энелерден оозеки айтылып жүргөн чыгармаларды жыйноону уюштуруу;

- Улуттук музыкалык аспаптарды үйрөтүү;
- Музыка мугалими элдик ыр, бий, хор ийримдерин уюштуруу менен салттуу музыканы

Салттык музыканын эң башкы жана табигый мыйзам ченемдеринин бири – бул оозекилик же оозекилик же оозеки чыгармачылык болуп эсептелет. Жогорку идеялуу, мазмуну жагынан көркөм, колорити боюнча ачык- даана жана адамдын аң-сезимине зор таасирин тийгизген музыкалык чыгармалар туулуп өскөн жерди сүйүү сезимин ойготууга, өз жеринин жаратылышын түшүнүүгө жардам берүүгө жөндөмдүү «экинчи жаратылышка» ээ. Көп түрдүү искусствонун ичинен өтө эмоциялуу дал мына ушул музыка жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди чечүүдө өзгөчө орунду ээлейт.

Музыканын өтө зор тарбиялык функциясы жөнүндө адабияттын жана искусствонун көрүнүктүү ишмерлери, белгилүү педагогдор көп эле жолу жазышкан. К. Д. Ушинский: искусствонун тарбиялык негизги мааниси бул чыгармада чагылдыргандарга ар ким өз алдынча жекече мамиле жасап, аларды дароо түздөн-түз эмоциялуу кабыл алгандыгында экендигин көрсөтүп, жаңы чыгарманы балдар өздөрү түздөн-түз ачканда гана искусство кубанычтуу жана пайдалуу экендигин белгилеген. Д.Шостакович «Музыканы билүү жана сүйүү керек» деген китебинин эпиграфында мында мындай деп эң сонун айткан: «музыка сезүүгө үйрөтөт, адамдын ички дүйнөсүн кеңейтет, аны мыкчып турган оор кайгыдан куткарат.... Ал адамды асман-айга көкөлөтүп, анын жакшы сапаттарын күчөтөт, ар-намысын арттырат, өз күчүнө жана талантына болгон ишенимин бекемдейт. [3]

Азыркы мезгилдеги кыргыз музыкасындагы бардык жакшынакай табылгалардын түпкү тамыры элдик чыгармачылык менен тыгыз байланышкан. Кыргыз музыкасынын жаны жана жүрөгү жайбаракат салмактуу толукшуган күү (мелодия) - эпикалуу токтоо, кандайдыр бир сыпайы, кээде оюнкарак жана турмуштук конкреттүүлүккe жык толгон. Адамды өзүнө тартып жана толкунданткан кыргыздын элдик күүлөрү жана ырлары эмгекчил элдин оюн жана тилегин, эркиндикке умтулуусун, эзүүчүлөрдү жана ар душмандарын жек керүү сезимин, кыскасы, кыргыз элинин кылымдар бою тарыхын чагылдырып турат.

Мазмуну боюнча улуттук формалары боюнча көп түрдүү жана мүнөзү, ички дүйнөсү боюнча этнопедагогикага жакын кыргыз салттуу музыкасы жанрларынын байлыгы, жекече стилдердин көптүгү менен айырмаланып турат. Ошондуктан, анын балдарды тарбиялоочу таасири өтө зор. Демек, ал бир нече коомдук функцияларды аткарат:

1. Элдик чыгармачылыктын таанып билүү функциясы;
2. Элдик оозеки музыканын тарыхый маданияттык;
3. Фольклордун аксиологиялык (баалоочулук функциясы);
4. Музыкалык фольклордун көңүл көтөрүүчүлүк функциясы;
5. Таалим- тарбиялык. Демек, музыкалык фольклор – көп функционалдык көркөм система, анын эң башкы функциясы – адамдар тарабынан жаралган жана адамдарга багытталган социалдык маданий, көркөм чыгармачылык жана гуманисттик функция. [4]

Жыйынтыктап айтканда, салттуу музыканы үйрөнүү мектеп окуучуларына, студенттерге табияттын, искусствонун, адамгерчиликтин коoздуктары менен эң сонун чыгармаларда чагылдырууга, бай эмоционалдык тажрыйбага ээ болууга, көңүлдү көтөрүүгө, жан дүйнөнү жылытууга, ошону менен адамга, жаратылышка болгон сүйүүсүн өрчүтүүгө мүмкүндүк берет. Бардык кооз нерселерге камкордук кылуу, жашоого позитивдүү жана оптимисттик көз караштты калыптандыруу жана акырында идеалдуу инсандын өнүгүшүнө жетишүү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Б.А.Малдыбаев, Музыка, Фрунзе «мектеп» 1986
2. Дүйшөналиев к. Салттык музыка: теориясы жана усулдары- б.; mara, 2012.-188 б.

3. Абдулхамидова Б. Ажыматова З. Акматалиев А. ж.б. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы Бишкек – 2004 мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору
4. Муратова А. М., Артыков К. Ж. Музыка: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби.– б.: Билим-компьютер, 2018. – 136 б., илл
5. Сатиев т., Хордо ырдоо/сүрөтчүсү Р.Исаков.-Б.: адабият, 1991.-72 б.

---

**УДК: 373**

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕНИН ТАРБИЯЧЫСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МААНИСИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
## ЗНАЧЕНИЕ И ОСОБЕННОСТИ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ВОСПИТАТЕЛЯ ДОШКОЛЬНОГО УЧРЕЖДЕНИЯ
## THE IMPORTANCE AND FEATURES OF THE ACTIVITY OF A PRESCHOOL TEACHER

**Кадырова Турна, улук окутуучу, ОшМПУ.**
**turnakadyrova@gmail.com**
***ORCID:* https://orcid.org/0009-0000-9276-56-49**

**Аннотация.** Илимий макалада мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын баалоо проблемасынын жалпы контекстинде мектепке чейинки билим берүүнүн тарбиячысынын кесиптик ишмердигине карата заманбап талаптар каралат. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында педагогдорунун кесиптик деңгээлин жогорулатуунун зарылдыгы, азыркы учурдун тарбиячыларга койгон талаптары көрсөтүлгөн. Бала бакчанын тарбиячысынын кесибинин мектеп мугалиминен айырмасы, анын милдеттери жана өзүн- өзү тарбиялоосу, өзүн- өзү кесиптик чеберчиликке жетишүүсүнүн зарылдыгы белгиленген. Тарбиячы – педагогдун балдарды тарбиялоодогу милдеттери сунушталды. Педагогикалык чеберчиликти калыптандыруунун шарттары жана анын мазмуну баяндалат.
Балдарды тарбиялоодо жана ар тараптан калыптандырууда – тарбиячынын ролу жогору тургандыгына басым жасалат. Замандын талабын эске алуу менен тарбиячы- педагог өздүк маданиятын жалпы адамзаттык маданияттын негизинде калыптандыруу аркылуу, жаш муундарды педагогикалык маданиятка, билимге жана тарбияга ээ кылат.Макала тарбиячынын жаңы стандартка жана балдарды тарбиялоо, өнүктүрүүнүн жаңы концепцияларына ылайык уюштуруунун талаптарын билүүсүн сунуштайт. Азыркы этапта тарбиялык иштерди уюштурууда тарбиячы көбүрөөк чыгармачылыкты көрсөтүшү керек, ал билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын ортосундагы өнөктөштүк байкалган, балдар ар түрдүү иш-чараларга тартылган ишмердүүлүк чөйрөсүн куруугa тийиш

**Негизги сөздөр:** балдар, тарбиячы, бала бакча, тарбия, милдеттер,чеберчилик.

**Аннотация.** В научной статье рассматриваются современные требования к профессиональной деятельности воспитателя дошкольного образования в общем контексте проблемы оценки качества дошкольного образования. Указаны необходимость повышения профессионального уровня педагогов в дошкольных образовательных организациях, требования к воспитателям современности. Отличие профессии воспитателя детского сада от профессии школьного учителя заключается в его обязанностях и самодисциплине, в необходимости достижения профессионального мастерства. Предложены обязанности воспитателя-педагога по воспитанию детей. Описаны условия формирования педагогического мастерства и его содержание.